# Кыргызстан

сөзү: Нурдан Кожогулов
аткаруучу: Мукарам Мамадинова

Мекеним Кыргызстан бейиш төрүм,
Тоолорум белестериң Ысык-көлүм.
Ордолуу Ош, Сулайман-Тоо, Сары-Челек,
Канчалык мактабайын жетпейт сөзүм.
Кучагын кенен жаят Сары-Өзөн Чүй,
Байыртадан берекелүү мээримдүү эл.
Мээримиң төгөт сунуп ырыскысын,
Качан барба кайда барба сыйга белен.

Кайырма

Кыргызстан дүйнө жүзү суктаңган эл,
Көп улутту кучагына батырган эл.
Кыргызстан кылымдардан кылымдарга,
Тарыхтарда даңкталып жазылган эл.

Карапайым калкы бар кыргызымдын,
Асманда айым, күнүм жылдызымсың.
Боорукер, кечиримдүү, сабырдуу эл,
Манас Айкөл атанын уул кызысың